КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЭНЕРГЕТИКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

_____№_____ Бишкек шаары

Борборлоштурулган маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу тутумунда отчеттук формаларды түзүү боюнча Колдонуучунун колдонмосу жөнүндө

Борборлоштурулган маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу системасын (МДМ-системасын) натыйжалуу пайдалануу жогорулатуу, отчеттук формаларды түзүүгө жана талдоого бирдиктүү мамилелерди камсыз кылуу, электр энергиясынын балансы боюнча маалыматтарды түзүүнүн ыкчамдуулугун жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу, ошондой эле электр энергетика секторун санариптештирүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги № 90 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2024–2028-жылдарга санариптик трансформациялоо концепциясын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги жөнүндө Жобосунун 15-пунктунун жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Борборлоштурулган маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу тутумунда отчеттук формаларды түзүү боюнча Колдонуучунун колдонмосу (мындан ары – Колдонмо) эске алынсын.
2. «Кыргыз энергетикалык эсептөө борбору» ачык акционердик коомуна төмөнкүлөр сунушталсын:
- энергетикалык компаниялардын адистерине МДМ тутуму менен иштөөдө усулдук коштоо жүргүзүү;
- МДМ тутуму менен иштөө жана отчеттук формаларды түзүү боюнча окутуу иш-чараларын уюштуруу;
- энергетикалык компанияларга Колдонмону киргизүүдө жана колдонууда консультациялык коштоо жүргүзүү;
- зарыл болгон учурда МДМ тутумунун функционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүшүн жана энергетикалык компаниялардын сунуштарын эске алуу менен Колдонмону жаңыртып туруу.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Рысбеков А.Д.

3. «Кыргызстандын улуттук электр тармагы», «Электр станциялары» жана «Чакан ГЭС» ачык акционердик коомдоруна төмөнкүлөр сунушталсын:

- МДМ тутуму менен иштөөдө жана тиешелүү отчеттук формаларды түзүүдө Колдонмону колдонууну камсыз кылуу;
- МДМ тутуму менен иштөө жана отчетторду түзүү үчүн жооптуу адамдарды аныктоо;
- электр энергиясынын балансы боюнча отчеттук формаларды күн сайын ыкчам түзүүнү жана талдоону камсыз кылуу;
- МДМ тутуму менен иштөө үчүн зарыл болгон туруктуу интернет байланышын, ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөрдө ыйгарым укуктуу адистердин тутумга үзгүлтүксүз жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
- МДМ тутуму менен иштөөгө тартылган кызматкерлерди окутууну жана алардын квалификациясын жогорулатууну камсыз кылуу.

4. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин Адам ресурстары жана иш кагаздарын жүргүзүү башкармалыгы ушул буйрукту кызыкдар болгон энергетикалык компанияларга жана уюмдарга жеткирсин.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын энергетика министринин биринчи орун басарына К.А. Өмүрбековго жүктөлсүн.

О Руководстве пользователя по формированию отчетных форм в Централизованной системе сбора и обработки данных

В целях повышения эффективности использования Централизованной системы сбора и обработки данных (МДМ-системы), обеспечения единых подходов к формированию и анализу отчетных форм, повышения оперативности и достоверности формирования данных по балансу электрической энергии, а также в целях реализации государственной политики в области цифровизации электроэнергетического сектора и во исполнение Концепции цифровой трансформации Кыргызской Республики на 2024–2028 годы, утвержденной Указом Президента Кыргызской Республики от 5 апреля 2024 года № 90, руководствуясь пунктом 15 Положения о Министерстве энергетики Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года № 247, **приказываю:**

1. Принять к сведению Руководство пользователя по формированию отчетных форм в Централизованной системе сбора и обработки данных (далее – Руководство).
2. Рекомендовать открытому акционерному обществу «Кыргызский энергетический расчетный центр»:

- обеспечить методическое сопровождение специалистов энергокомпаний при работе с МДМ-системой;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- организовать проведение обучающих мероприятий по работе с МДМ-системой и формированию отчетных форм;

- обеспечить консультационное сопровождение энергокомпаний при внедрении и применении Руководства;

- при необходимости осуществлять актуализацию Руководства с учетом развития функциональных возможностей МДМ-системы и предложений энергокомпаний.

3. Рекомендовать открытым акционерным обществам «Национальная электрическая сеть Кыргызстана», «Электрические станции» и «Чакан ГЭС»:

- обеспечить применение Руководства при работе с МДМ-системой и формировании соответствующих отчетных форм;

- определить ответственных лиц за работу в МДМ-системе и формирование отчетности;

- обеспечить ежедневное оперативное формирование и анализ отчетных форм по балансу электрической энергии;

- обеспечить наличие стабильного интернет-соединения, необходимого для работы МДМ-системы, а также бесперебойный доступ уполномоченных специалистов к системе в структурных подразделениях;

- обеспечить обучение и повышение квалификации работников, задействованных в работе с МДМ-системой.

4. Управлению человеческих ресурсов и делопроизводства Министерства энергетики Кыргызской Республики довести настоящий приказ до сведения заинтересованных энергокомпаний и организаций.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Первого заместителя министра энергетики Кыргызской Республики К.А. Өмүрбекова.

Министр **А.Д. Рысбеков**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 13-137, 14.10.2026

Кол койгон: Рысбеков А.Д.